**«Бекитемин»**
«Кемин райондук
билим берүү бөлүмү»
мекемеси

А.Б.Шопокова
12.09.2022 ж.

**«Бекитемин»**
«Чүй облусунун
Кемин районунун
Чым-Коргон айылдык округунун
Чым-Коргон айыл өкмөтү»

А.Ш.Абдрахманов
12.09.2022ж.

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ
ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
« 14 » 11 2022
СВИДЕТЕЛЬСТВО № ГПЮ 0054819
Дата первичной регистрации " " 20 г.

# «Өмүрзак Коңурбаев атындагы Самансур жалпы билим берүү орто мектеби» мекемесинин

# Уставы

Самансур айылы - 2022

## I.Жалпы жоболор

1.1 “Чүй облусунун Кемин районунун Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур жалпы билим берүү орто мектеби” мекемеси (мындан ары-жалпы билим берүү мекемеси) башталгыч жалпы, негизги жалпы,орто жалпы билим берүү программаларын иш жүзүнө ашыруучу жалпы билим берүү мекемеси болуп эсептелет.

1.2 Жалпы билим берүү мекемесинин уюштуруучулары : “Кемин районунун билим берүү” мекемеси, каттоо номери104105-3308-М-е, ИУЖК коду 02169306,ИСН 00101196510022, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы,Чүй облусу, Кемин району, Кемин шаары, Абдубачаев көч,45.

“Чуй облусунун Кемин районунун Чым-Коргон айылдык округунун Чым-Коргон айыл өкмөтү” мекемеси, каттоо номери 86872-3308-М-е,ОКПО коду 04509195, ИСК 03012199610313,юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чуй облусу, Кемин району, Чым-Коргон айылы, Суранчиева көчөсү, н\ж

1.3. Жалпы билим берүү мекемесинин уюштуруучулук-укуктук формасы мекеме.

1.4. Жалпы билим берүү мекемеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик актылары, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарын жана тескемелерин жана ошондой эле ушул Уставдын жетекчиликтеринде өзүнүн ишин жүргүзөт.

1.5. Жалпы билим берүү мекемеси чектелбеген мөөнөткө түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамында көрсөтүлгөн тартипте мамлекеттик кайра каттоодон өтөт.

1.6. “Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур жалпы билим берүү орто мектеби” мекемесинин миссиясы: Ар тараптуу өнүгүүгө аракет кылган, кесиптик тандоого багыт алган, билимин турмушта колдоно билген, замандын талабына ылайык технологияларды өздөштүргөн, коомдогу атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды татыктуу тарбиялоо,сапаттуу билим берүүгө жетишүү,өз баскычтарына шайкеш келген билим алууга база түзүү менен ден-соолугу таза,шык талантын өнүктүргөн инсанды калыптандыруу.

1.7. Жалпы билим берүү мекемесинин толук фирмалык аталышы:

- кыргыз тилинде: "Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур жалпы билим берүү орто мектеби" мекемеси.
- орус тилинде: Учреждение "Самансурская средняя общеобразовательная школа имени Омурзака Конурбаева".

Жалпы билим берүү мекемесинин кыскартылган фирмалык аталышы:

- кыргыз тилинде: "Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур жалпы билим берүү орто мектеби" М-е.
- орус тилинде: У-е "Самансурская средняя общеобразовательная школа имени Омурзака Конурбаева".

1.8.Жалпы билим берүү мекемесинин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй облусу, Кемин району, Самансур айылы,Ж.Самсалиев көчөсү №4.

## II. Укуктук статусу

2.1.Жалпы билим берүү мекемеси финансы-чарбалык жана укуктук өз алдынчалуулукка ээ болгон,өзгөчөлөнгөн мүлкү,өз алдынча балански өзүнүн кыргыз жана орус тилинде фирмалык аталышы менен мөөрү,штамптары жана бланктары, казына бөлүмдөрүндө алыш-бериш эсеби жана өздүк эсеби бар юридикалык жак болуп эсептелет.

2.2.Мүлк жалпы билим берүү мекемеси оперативдүү башкаруу укугуна берилет, ага карата жалпы билим берүүчү мекеме ээлик кылуу укугун,
Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдалануу жана тескөө укугун жүзөгө ашырат. Жалпы билим берүү мекемесинин мүлкүнүн курамына: негизги каражаттар, ээлеген жайлар, жабдуулар, инвентарь, жер тилкелери жана башка мүлктөр кириши мүмкүн.

2.3. Жалпы билим берүү мекемеси жеке жана юридикалык жактардан белек, демөөрчүлүк жана мурас катары берилген акчалай каражаттарга, мүлккө жана башка менчик объекттерге,ошондой эле жалпы билим берүү мекемесине жеке ишмердигинен түшкөн кирешелерге менчик укугуна ээ.

2.4. Жалпы билим берүү мекемеси тиешелүү органдын уруксаты менен мыйзамга ылайык бекитилген мүлкүн ижарага бере алат. Мүлктү ижарага берүүдөн алынган киреше уставдык максаттар үчүн колдонулат.

2.5. Жалпы билим берүү мекемеси мыйзамда каралган бардык жарандык- укуктук бүтүмдөрдү жүргүзүүгө, сотто доогер жана жоопкер болууга жана башка укуктарга, милдеттерге укуктуу.

2.6. Жалпы билим берүү мекемесинин ишмердиги Кыргыз Республикасынын
Мыйзамдары менен белгиленген учурларда жана тартипте аттестациялынат.

2.7. Уюштуруучулар жалпы билим берүү мекемесинин милдеттери үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, тартибинде жана чегинде жооп тартат.

***III.Жалпы билим берүү мекемесинин предмети жана ишинин максаттары.***

3.1. Жалпы билим берүү мекеменин билим берүү программаларын милдеттүү минималдуу мазмунун өздөштүрүүнүн негизинде окуучулардын жалпы маданий инсандыгын калыптандыруу болуп, коомдогу жашоого калыптануусун,туура тандоосунун жана кесиптик билим берүү программаларынын жана жарандык билим берүү боюнча андан аркы өнүгүшүнө негиз болуп саналат.

3.2. Жалпы билим берүү мекемесинин ишмердиги башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларынын иш жүзүнө ашыруу болуп саналат.

***IV.Иштин негизги принциптери***

4.1. Жалпы билим берүү мекеменин иштешинин негизги принциптери:

- сапаттуу билим алууга, Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарынын тендиги;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруу;
- билим берүүнүн эффективдүү системасын түзүү;
- жалпы билим берүү мекеменин каржылык автономиясына кам көрүү;
- мамлекеттик каржылык ресурстарын рационалдуу колдонуу.
- ырааттуулугу жана билим берүү жараянынын үзгүлтүксүздүгү;
- мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда башталгыч жана негизги билимди, жалпы орто билимди ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз алышы;
- акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрү үчүн жана башка кызматтары учун, өзүнчө баланста эсептелинген кирешелерди өз эрки менен берилген кирешелерди тескөө;
- жалпы билим берүү мекемесинин баардык каржы ишинин үстүнөн жалпы мамлекеттик көзөмөл үчүн ачыктык жана жеткиликтүүлүгү.

***V. Укуктар жана милдеттер***

5.1. Жалпы билим берүү мекемеси өзүнүн функцияларын иш жүзүнө ашырууда маселелерин чечүүдө төмөнкү укуктарга ээ:

- чыгымдардын сметасын өз алдынча иштеп чыгуу менен бекитүүгө,

ошого жараша аларды өзгөртүүгө;

- өздөрүнүн материалдык-техникалык, каржылык жана адам ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;
- билим берүү мекемелеринин иш-аракеттерин жөнгө салуучу мыйзамдын талаптарына ылайык билим берүү процессин уюштурууга;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү программаларынын негизинде иштеп чыгуу, кабыл алуу жана окутуучу программаларды ишке ашыруу;
- билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылуу,Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына тиешелүү негизги жоболорун тандоодо өз алдынча, пайдалануу жана формаларды түзүү, каражатты жана окутуу жана билим берүү ыкмаларын түзүү;
- жалпы билим берүү мекемесинде камсыз кылуучунун кабыл алуу тартибин киргизүү:

а) аймакта жашап жаткан, жалпы башталгыч жана негизги билим алууга укуктуу окутууга тийиш адамдары жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү тепкичине кабыл алуу үчүн (ушул аймакта жашабагандарды кабыл алууда мекемеде орун жоктугунан гана баш тартылышы мүмкүн):

- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын талаптарына туура келүүчү баа системасын, формасын, тартибин өз алдынчалуулугу жана окуучуларды арадагы аттестациялоонун мезгилдүүлүгү үчүн;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ченемдик актыларынын негизинде бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациядан өткөрүү, билим берүү мекемесинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билим берүүнүн деңгээлине ылайык мамлекеттик үлгүдөгү документти берүү үчүн;
- Кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу жана негизги жалпы билим берүү программаларынын статусун аныктоодон сырткары кошумча билим берүү кызматтарын (кошумча билим берүү кызматтарынын түрлөрү жана формалары, анын ичинде акы төлөнүүчү), билим берүү процессине жана имараттарды кармоону керектүү камсыз кылуучу кызматтарды көрсөтүү үчүн;
- каржы ресурстарын билим берүү процессине рационалдуу пайдаланууну оптималдаштыруу максатында, демилгеси боюнча же уюштуруучулардын макулдуулугу менен филиалдарды түзүү же жоюу;
- улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышуу;

- жалпы билим берүү иш-чараларды уюштуруу, жогорку мамлекеттик бийлик органдарынын жана кызмат адамдарына жана жакшыртуу боюнча сунуштарды даярдоо;
- ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга,анын ичинде эл аралык, алардын иш-чараларына катышуу үчүн кирүү;
- билим берүүнү өнүктүрүү жана иштеп чыгуу ассоциацияларды түзүүгө жана ишине катышууга, бирликтерге,жана башка бирикмелерге, анын ичиндеги мекемелерге катышууга, ишканаларга жана коомдук уюмдарга катышуу.

5.2.Жалпы билим берүү мекемеси төмөнкү милдеттерди камсыз кылат:

- жалпы билим берүүнүн сапатын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык иш жүргүзүүнү;
- билим берүү процессинин, окуучулардын жаш курагына психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, кызыгуусуна, шык-жөндөмдүүлүктөрүнө, өмүрүн коргоо кызыкчылыктарына, талаптарына жана ден-соолугуна ылайык колдонулуучу формаларды,

ыкмалары жана каражаттардын шайкештигине;

- санитардык –гигиеналык нормаларды сактоону;
- өз ара аракеттенүүнүн жана чектеш билим берүү деңгээлдеринин ортосундагы үзгүлтүксүздүгүнө;
- сергек жашоо мүнөзүн пропагандалоо менен окуучуларды санитардык- гигиеналык тарбиялоону.

5.3.Билим берүү мекемелерин, жалпы билим берүү программаларында, окуу жана окуу планында жана Уставда көрсөтүлбөгөн эмгекке ата-энелердин (же аларды ордун алмаштырган адамдардын) алардын макулдугусуз окуучуларды эмгекке тартууга тыюу салынат.

5.4. Окуучуларга карата физикалык жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга жол берилбейт.

5.5. Жалпы билим берүү мекеменин, саясий партиялардын, коомдук-саясий, диний агымдарын жана уюмдарын түзүүгө жол берилбейт.

5.6. Окуучуларды жана тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга кошулуу,кыймылдарга жана партияларга, ошондой эле мажбурлап ушул уюмдардын иш-аракеттерине тартуу жана агитациялык компаниясы менен саясий акцияларга катышуусуна мажбурлоого жол берилбейт.

## VI. Билим берүү процесси

6.1. Жалпы билим берүү мекемеде окутуу мамлекеттик тилде жүргүзүлөт.

6.2. Биринчи класска 6 жаштан тартып бирок, 7 жаштан кеч эмес, ата-эне (аларды алмаштырган адамдар) каалоосуна жараша, балдарды кабыл алат.

6.3. Окутуу жана билим берүү үчүн билим берүү мекемесине кабыл алуу буйрук менен иш жүзүнө ашырылат. Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамдарына каршы келбеген,жалпы билим берүү мекемесине кабыл алуу жол – жобосунун эрежелери менен жөнгө салынат.

6.4. Жалпы билим берүү мекемеси билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык билим берүүнүн үч баскычында жүргүзүлөт:

1 баскыч-жалпы башталгыч билим берүү (4 жыл)

2 баскыч- жалпы негизги билим берүү (5 жыл)

3 баскыч- жалпы орто билим берүү (2 жыл)

Жалпы билим берүүнүн мазмуну жалпы билим берүү мекемесинде, өз алдынча мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде иштелип чыккан, бекитилген жана иш жүзүнө ашырылып жаткан программалар менен аныкталган.

6.5. Жалпы билим берүү мекемесинде билим берүү процессин уюштуруу базистик окуу планынын негизинде сабактарынын ырааттамасы (расписание) түзүлөт, ошол эле учурда, жалпы билим берүү мекеме график менен иштейт.

1-баскыч – беш күндук иш жумасы

2-баскыч – беш күндук иш жумасы

3-баскыч – беш күндук иш жумасы , 1 күн өз алдынча иш жумасы

6.6. Академиялык окуу сааттарынын узактыгы-45 мүнөт, биринчи класста-40 мүнөт.

6.7. Ар бир класстын жыйынтык жүктөмү көпчүлүк мектептердеги окуучулардын милдеттүү түрдө максималдуу жүгү болуп эсептелет. Жалпы билим берүү мекемеде жумалык жүктөмдүн чеги базистик окуу планынын негизинде коюлат.

Жеке пландар боюнча окутуу окуучулардын, алардын ата-энелери же аларды алмаштыруучу адамдардын арызы боюнча ишке ашырылат.

6.8. Билим берүү мекемеде класстарынын саны санитардык эрежелерге билим берүү үчүн түзүлгөн окуучулардын санына жана жалпы билим берүүчү мекеменин шарттарына жараша болот. Класстардын толуусу окуучулардын саны 30 дан көп эместиги каралган.

Жалпы билим берүү мекемеси ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каалоосу менен, талаптары менен акы төлөнүүнүн

негизинде окуучулардын узартылган күндүк топторун, жалпы билим берүү мекемесине даярдоочу топторду ачууга укуктуу.

6.9. Жалпы билим берүү мекемесинде окуу жылы 1-сентябрында башталат. Биринчи класстар үчүн окуу жылынын созулушу 33 аптаны, кийин 34 аптаны түзөт.

Окуу жылынын ичинде каникул күндөрүнүн созулушу 30 календарлык күндү, жайкы каникул 8 календарлык аптадан кем эмести, 1-класстын окуучуларынын 3-чейрегинде кошумча апталык каникулду түзөт.

Жылдык окуу-жумалык графиги жалпы билим берүү мекемесинин педагогикалык Кеңештин пикирин эске алып райондук билим берүү бөлүмүнүн макулдашуусу менен жалпы билим берүү мекемесинин директордун буйругу менен бекитилет.

6.10. Жалпы билим берүүчү программаларды толук көлөмдө өздөштүргөн окуучулар кийинка класска көчүрүлөт. Кийинки класска бир сабак боюнча окуу жылынын жыйынтыгында академиялык карыз болуп калган окуучулар шарттуу түрдө көчүрүлүшү мүмкүн. Башталгыч, жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарында окуган,окуу жылынын программасын өздөштүрбөгөн жана эки же андан ашык сабак боюнча академиялык карызы бар окуучулар кайталап окутуу үчүн классында калтырылат. Окуучуларды которуу кандай учур болсо да педагогикалык Кеңештин чечими боюнча жүргүзүлөт. Мурунку деңгээлдеги жалпы билим берүүчү программаны өздөштүрбөгөн окуучулар жалпы билим берүүнүн кийинки баскычына окуганга жол берилбейт.

6.11. Жалпы билим берүүчү мекеме окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (же башка өкүлдөрүнүн) каалоосу боюнча үй-бүлөлүк билим берүү, өз алдынча билим алуу, экстернат же сырттан окуу формасында жалпы билим берүүчү программаларды же айрым бөлүмдөрүн өздөштүрүүгө көмөк көрсөтөт.

6.12. Жалпы билим берүүчү мекемени башкаруу органынын (Педагогикалык кеңештин) чечими боюнча жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка жат аракеттерди жасагандыгы, жалпы билим берүүчү мекеменин уставын одоно жана бир нече жолу бузгандыгы үчүн педагогикалык таасир этүүнүн акыркы чарасы катары 15 жашка жеткен окуучуну ушул жалпы билим берүүчү мекемеден чыгарууга жол берилет.

Бир нече жолу тартип бузуу деп окуучулардын жалпы билим берүүчү мекеменин директору тарабынан эки же андан ашык тартип жазасын колдонуусун, эреже катары одоно тартип бузууну кайталоону түшүнүүгө болот. Тартипти одоно бузуу деп төмөнкүдөй

түрдө өтө оор кесепетти алып келген же алып келиши мүмкүн болгон тартип бузуу таанылат:

- окуучулардын, жалпы билим берүүчү мекемелердин кызматкерлеринин, ага келгендердин өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү;
- жалпы билим берүүчү мекеменин, окуучулардын, жалпы билим берүүчү мекемелердин кызматкерлеринин жана ага келгендердин мүлкүнө зыян келтирүү.

Материалдык зыянды окугандар жана анын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык калыбына келтиришет.

Жетим балдарды жана ата-энелеринин камкордугусуз (мыйзамдуу өкүлдөрүсүз) калган балдарды чыгаруу жөнүндөгү чечим тийиштүү камкордук жана көзөмөлчүлүк органынын алдын ала макулдугу менен педагогикалык кеңеш тарабынан кабыл алынат.

Окуучуну чыгаруу жөнүндөгү педагогикалык кеңештин чечими жалпы билим берүүчү мекеменин директордун буйругу менен таризделет. Окуучуну чыгаруу жөнүндө жалпы билим берүүчү мекеменин директору үч күндүк мөөнөттө тиешелүү жергиликтүү башкаруу органына маалымдайт. Жергиликтүү башкаруу органы ата-энелер мыйзамдуу өкүлдөрү менен бирдикте бир айлык мөөнөттүн ичинде окуудан чыгарылган баланы ишке орноштурууну же башка билим берүү мекемесинде окуусун улантууну камсыз кылуучу чараларды көрөт.

Окуучуну чыгаруу жол-жобосу жалпы билим берүүчү мекемелердин окуучуларын сыйлоо, жаза берүү жөнүндө эрежелер менен толук жөнгө салынат, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеши керек.

6.13. Негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт. Жалпы билим берүүчү мекемелердин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестация Кыргыз Республикасынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык ишке ашырылат.

Жалпы билим берүүчү мекеменин бүтүрүүчүлөрүнө алар жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин билим берүү деңгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет,ал жалпы билим берүүчү мекеменин мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жеткен бүтүрүүчүлөргө өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк жана аттестат берилет.

6.14. Жалпы билим берүүчү мекеме акысыз негизде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын айрым

контингентине сабактан тышкаркы убакта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтөт.

6.15. Жалпы билим берүүчү мекеме окуучулардын ата-энелеринин каалоосу боюнча бекитилген окуу планы менен түрдүү кошумча акы төлөмө билим берүүчү кызматтарды көрсөтүшү мүмкүн.

6.16. Жалпы билим берүүчү мекемедеги класстардын саны класстардын толушунун санитардык жана чектик нормаларын эске алуу менен жарандардын берилген арыздарынын санына жараша болот.

6.17. Окуучулардын жана алардын ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу адамдардын) кызыкчылыктарын эске алуу менен, уюштуруучулардын макулдугу боюнча жалпы билим берүүчү мекемеде даярдоо класстары (мамлекеттик, расмий тилдерди билбегендер жана/ же даярдыксыз балдар үчүн), бюджет боюнча же контракттык негизде бөлүнгөн каражаттардын чегинде коррекциялык топтор ачылышы мүмкүн.

6.18. Акысыз медициналык жардам жалпы билим берүүчү мекемесинин окуучуларына атайын белгиленген саламаттык сактоо кызматы (медициналык кызматкерлери менен) каралат да, бул кызмат (администрация менен педагогикалык кызмат менен тең) дарылоо жана алдын алуу иш-чараларын өткөрүүгө, санитарияык-гигиеналык нормаларды, окуучулардын тамактануу режимин жана сапатына көзөмөл жүргүзүлөт.

6.19. Окуучулардын жалпы билим берүү мекемесинде тамак-аш менен тейлөөсү мектептин ашканасы (атайын типтүү жайында) аркылуу жүзөгө ашырылат.

6.20. Жалпы билим берүү мекемеси аймактык билим берүү бөлүмүнүн башкаруу органдарынын макулдулугу менен , план боюнча, сабакты тереңдетип берүү боюнча гимназия компоненттери менен класстарды ачууга укуктуу.

6.21. Окутуу формасы күндузгү

6.22. Мектеп кийиминин формасы:

Кыздар үчүн: кара юбка, ак көйнөк.

Балдар үчүн: кара шым, ак көйнөк жана галстук.

Толугу менен джинсы,спорттук кийим-кече жана спорттук бут кийим кийүүгө тыюу салынат.

## VII.Билим берүү процессинин катышуучуларынын укуктары жана милдеттери.

7.1. Жалпы билим берүү мекемесинин билим берүү процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык кызматкерлер жана окуучулардын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) эсептелинет.

7.2. Жалпы билим берүү мекемесинин кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы жана ушул Устав менен аныкталат.
7.3. Окууга кабыл алынуучу жана анын ата-энелерин (аларды алмаштырган адамдар) жалпы билим берүү мекемеси билим берүү уюмунун процессин жөнгө салуучу Устав жана башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.
7.4. Окуучулардын,алардын ата-энелердин (аларды алмаштырган адамдар) укуктары жана милдеттери, "Билим берүү уюму жөнүндө типтүү жоболорунда" аныкталат. (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлигинин,№376/1 1997ж.24.10. буйругу менен бекитилген ).
7.5. Окуучулардын жалпы билим берүү мекемесинде төмөнкү укуктарга ээ:
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамында аныкталган акысыз көрсөтүлгөн көлөмдө жалпы орто билим алууга;
- толук, толук эмес убакыт, экстернат жана үй-бүлөлүк билим берүү;
билим берүү формасын тандап алууга;
- жеке билим берүү программалары үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде, тездетилген курста окууга. Жеке билим берүү
программаларынын шарттары боюнча окутуу жалпы билим берүү мекемесинин Уставы менен жөнгө салынат жана аны жоболоруна ылайык кабыл алынат;
- мектеп китепканасынын китепкана маалымат ресурстарын пайдаланууга;
- кошумча (акы төлөөнүүчү) билим берүү кызматтарын алууга;
- Уставда аныкталган формасында жалпы билим берүү мекемесинин башкаруу ишине катышууга;
- адамдын кадыр-баркын, абийирин жана маалымат эркиндигин, өз көз караштарын жана ынанымдарын билдирүү эркиндигин урматтоого.

Окуучуларга карата физикалык жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга жол берилбейт.

7.6. Окуучуларды коомдук уюмдарга кошулууга мажбурлоо, ошондой эле бул уюмдардын иш-аракеттерине тартууга жана агитациялык компаниясына катышууга жол берилбейт.
7.7. Кийинки класска толук окуу программасын өздөштүргөн окуучулар которулат.
7.8. Окуучулар жалпы билим берүү мекеменин Уставын аткарууга милдеттүү, ак ниеттүүлүк менен окууга , мекеменин мүлкүнө этияттык менен мамиле кылууга, башка окуучулардын жана

кызматкерлердин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтого, жалпы билим берүү мекеменин кызматкерлеринин талаптарын аткарууга тийиш.Жалпы билим берүү мекемеде тартип (дициплина) окуучулардын, мугалимдердин жана билим берүү мекемелеринин кызматкерлерин кадыр-баркын урматтоо негизинде жүргүзүлөт.

7.9. Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдардын) төмөнкү укуктарга ээ:

- жалпы билим берүү мекемесин тандап жана жалпы билим берүү мекемесинде окуу формасын тандоого;
- балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого;
- жалпы билим берүү Уставында аныкталган формада жалпы билим берүү мекемесинин башкаруу ишине катышууга.

7.10. Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар), жалпы билим берүү мекеменин Уставында, алардын укуктары жана милдеттери каралган жагын аткарууга жана балдарга тарбия берүүгө жана аларга билим алуунун керектүү шарттарын түзүүгө, балдар жөнүндө Конвенциянын принциптерин сактоого милдеттүү.

7.11. Ата-эне (аларды алмаштырган адамдар), башка укуктары менен милдеттери алар менен жалпы билим берүү мекемесинин ортосунда жалпы билим берүү мекемесинин Уставына ылайык, түзүлгөн келишиминде бекитилет.

7.12. Жалпы билим берүү мекемени кызматкерлер менен толуктоо тартиби Устав менен жөнгө салынат Педагогикалык кызматка керектүү педагогикалык квалификациясы бар, орду жана алардын адистиги боюнча квалификациясынын мүнөздөмөсүнө ылайык, билими боюнча документтер менен ырасталган адамдар, жана ошондой атайын билими жок адамдар, жалпы билим берүү мекеменин Педагогикалык кеңешинин чечиминин негизинде 3 айлык сыноо менен жумушка алынат.

7.13. Жалпы билим берүү мекемелеринин кызматкерлер менен администрациясынын мамилеси Кыргыз Республикасынын “Эмгек жөнүндө” мыйзамдары менен жөнгө салынат. Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык түзүлгөн учурда, эмгек келишимдин мөөнөтү иш берүүчү жана кызматкер тарабынан аныкталат.

7.14. Жалпы билим берүү мекеменин кызматкери төмөнкү укуктарга ээ:

- жалпы билим берүү Уставында аныкталган тартибинде жалпы билим берүү мекемесинин башкаруу ишине катышууга;
- кесиптик ар-намысын жана кадыр-баркын коргоого;
- окуу китептерди, окуу куралдарды жана материалдарды, баалоо билим ыкмаларын жана окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизги жоболоруна

жана билим берүү жаатындагы башка ченемдик документтерине ылайык, окутуу ыкмаларын түзүүгө жана колдонууга, тарбия берүүгө, эркин тандоого;

- адистигин жогорулатууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген коомдук кепилдиктерге жана жеңилдетүүгө (льготаларга), кыскартылган жумуш жумасына жана акы төлөнүүчү өргүүгө;
- тиешелүү квалификация категориясы боюнча аттестациядан өтүүгө.

7.15. Окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иш) мугалимдерге жана башка педагогикалык кызматкерлерге окуу планына жана программалардын саатынын санына, кадрлардын коопсуздугуна жана жалпы билим берүү мекемесинин башка өзгөчө шарттарына жараша аныкталат. Окуу жүгүнүн көлөмү (педагогикалык иш) көбүрөгү же азыраагы саат нормалары эмгек акысы үчүн кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу менен аныкталат. Окуу жылдын башында уюштурулган окуу жүгүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү администрациясынын демилгеси менен окуу жылдын учурунда азайтылышы мүмкүн эмес, бөтөнчө учурда, класстардын санын кыскартуу, окуу пландары жана программаларын сааттарынын санынын класстардын (топтордун) санын кыскартуу учурда окуу жүгүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү азайтылышы мүмкүн.

7.16. Жалпы билим берүү мекемесинин башка кызматкерлеринин укуктары жана милдеттери, тиешелүү типтүү квалификация мүнөздөмөлөрдө жана жалпы билим берүү мекемесинин Уставында аныкталган.

## VIII. Жалпы билим берүү мекемесинин структурасы

8.1.Жалпы билим берүү мекеменин структурасын уюштуруучу тарабынан коюлган маселелер жана ушул Уставды эске алуу менен директор аныктайт да, уюштуруучулар бекитет.

8.2. Жалпы билим берүү мекемеси өз эрки менен, каржылык ресурстардын жана окуучулардын санынын негизинде кызматкерлердин саны аныкталат.

Кызматкерлердин иш милдеттери ички жобо актылар менен аныкталат да директор тарабынан бекитилет.

## IX. Жалпы билим берүү мекемесин башкаруу

9.1. Жалпы билим берүү мекемесин башкаруу Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, жана ушул Уставка ылайык демократиялык, ачык-айкындык, жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык, адамдын өмүрүн жана ден-соолугун коргоо, жеке адамдын эркин өнүгүүсү принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

9.2. Жалпы билим берүү мекеменин башкаруу жогорку органы, ыйгарым укуктары жалпы билим берүү мекемесинин иш-аракеттерин координациялоочу катары уюштуруучу болуп саналат.

Уюштуруучу төмөнкүлөрдү иш жүзүнө ашырат:

- каржылык колдоо көрсөтүүнү;
- материалдык-техникалык жактан колдоо көрсөтүүнү;
- Уставды кабыл алууну жана өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду бекитүүнү;
- түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүү (жоюунун) макулдугун берүүнү;
- мекеменин кайра уюштурууну жана жоюу жөнүндө чечимин кабыл алууну;
- жоюу боюнча комиссиянын курамын аныктоону, дайындоону, анын мүчөлөрүн кайта чакырып алууну, жоюу балансын бекитүүнү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда каралгандагы башка маселелерди.
- Уюштуруучулардын жалпы чогулушунун бардык чечимдери бир добуштан кабыл алынат.

9.3. Айыл өкмөтүнүн макулдулугу менен, райондук билим берүү бөлүмү дайындаган директор жалпы билим берүү мекеменин түздөн-түз жетекчилигин иш жүзүнө ашырат.

9.4.Жалпы билим берүү мекеменин директору:

- педагогикалык коллективди башкарат;
- кадрларды туура тандоо жана жайгаштырууну камсыз кылат;
- кызматкерлерге акы төлөө жана сыйлык берүү жөнүндө ички жоболорду бекитет;

  -эсеп менен каржы документерге биринчи кол коюу укугуна ээ;
- бюджет менен атайын каражаттарды чыгымдардын сметасын бекитет;
- баланс менен чыгымдар сметасын аткаруу жөнүндө отчетторун бекитет жана кол коет;
- бекитилген чыгымдар сметасына ылайык, каражаттарды максаттуу пайдаланууда жалпы билим берүү мекемесинин өз убагында жана толук каржылашына көзөмөл жүргүзүлөт;
- Кызматкерлердин квалификациясы менен идея-теориялык деңгээлин жогорулатуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт;

- окуучулардын билиминин сапатын, жүрүш-турушуна, жана класстан тышкаркы менен мектептен тышкаркы иштин мазмунуна жана уюштурулушуна көзөмөл жүргүзүлөт.

9.5. Жалпы билим берүү мекемесинин атынан директор актылар боюнча келишимдерди түзөт, ошондой эле эмгек келишимдерин, ишеним каттарды берет, банктарда эсептешүү жана башка счетторду ачат, белгиленген тартипте кызматкерлерди бекитет, жалпы билим берүү мекемесинин бардык кызматкерлер үчүн милдеттүү буйруктарды чыгарат жана көрсөтмө берет, бекитүү үчүн билим берүү башкаруу органдарына жалпы билим берүү мекемесинин перспективдүү, жылдык, учурдагы иш пландарын киргизет.

9.6.Жалпы билим берүү мекемесинин директору, Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамдарында, келишимде (контракта) жана ушул Уставда каралган өз иши менен иш-милдеттери үчүн, ата-энелердин жана мамлекеттин, коомдун жана уюштуруучулардын алдында жеке жоопкерчилик тартат.

9.7.Жалпы билим берүү мекемесинде өзүн-өзү башкаруу формасы педагогикалык, жалпы билим берүү мекемесинин Көзөмөлчүлүк Кенеши, эмгек коллективинин жалпы чогулушу болуп саналат.

9.8.Жалпы билим берүү мекемесинде Көзөмөлчүлүк Кеңеши жалпы билим берүү мекемесинин бюджеттен тышкаркы каржылоону камсыз кылуу, уюштуруучулук, каржылык жана консультациялык жардам берүү үчүн ыктыярдуу демөөрчүлөр бирикмеси болуп саналат.

Педагогтук Кенеши жалпы билим берүү мекемеге берилген мүлктөрдү жана каражаттарды башкаруу боюнча пайдалануу жөнүндө чечим кабыл алууга жана башкарууга катышат.

Көзөмөлчүлүк Кеңештин иши Көзөмөлчүлүк Кеңеш жөнүндө мыйзамы менен жөнгө салынат.

Көзөмөлчүлүк Кеңештин ыйгарым укуктары, Кеңештин мучолорунун укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери «Көзөмөлчүлүк Кенеши жонундо» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5,7 беренелеринде белгиленген тартипте жузого ашырылат.

Кеңештин ыйгарым укуктары:

1) уюштуруучулар тарабынан социалдык чойрону онуктуруу стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле мамлекеттик кызматтарды корсотуунун сапатын жогорулатууга комок корсотуу;
2) социалдык чойрону онуктурууго гуманитардык жардамды (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каржылоо булактарын издоо жана тартуу;

3) социалдык чойродогу мекемени уюштурууга тартылган бюджеттен тышкаркы каражаттардын чыгымдар сметасын аткарууну карoo жана козомолдоо;
4) учурдагы жана келечектеги милдеттерди чечууго, социалдык чоцродогу мекемелерди онуктурууго жана алардын натыйжалуу иштешине, иштин сапатын жогорулатууга комок корсотуу.

Окутуу-тарбиялык процессин жакшыртуу жана өркүндөтүү максатында, жалпы билим берүү мекемесинин мугалимдеринин жана тарбиялоочулардын адистик чеберчиликти жана чыгармачылыгынын өсүшүн жогорулатууда жалпы билим берүү мекемесинин директору төрагалык кылган, жалпы билим берүү мекемесинин педагогикалык (мугалимдик) кызматкерлерин бириктирген, коллегиалдык орган- педагогикалык кеңеш иштейт.

Кеңештин укуктары:

1) социалдык чойродогу мекеменин ишин жакшыртуу жана социалдык чойро жаатындагы ченемдик укуктук актыларды оркундотуу боюнча сунуштарды киргизуу;
2) социалдык чойродогу мекеменин материалдык-техникалык базасын онуктурууго жана чыңдоого комок корсотуу;

9.9. Педагогикалык Кеңеш:

Билим берүүнүн формасын, методдорун окутуу-тарбиялык иштерин анын ишке ашыруу жолдорун, мазмунун талкуулайт жана тандайт;

- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүүгө ишти уюштурат;
- окуучуларды кийинки класска өткөрүү, кийинки класска шарттуу кирүү, жана ошондой эле ата-энелер менен (мыйзамдуу өкүлдөрү) макулдашып, аларды үй-бүлөлүк билим берүү формасында кайра окутуу жөнүндө чечимин кабыл алат.

Педагогикалык Кеңешти зарылдыкка жараша жалпы билим берүү мекемесинин директору чакырат.

9.10. Билим берүү мекеменин уставдык ишин камсыз кылуу үчүн төмөнкү жергиликтүү актыларды кабыл алат:

- Коллективдүү келишимин;
- кызматкерлер үчүн ички тартип эрежелерин
- Мектептин директорунун буйруктарын жана тескемелерин;
- келишимдерди;
- Жоболорду;
- Инструкцияларды (анын ичинде кызматкерлердин инструкциясын)
- эрежелерди

9.11. Мектептин жергиликтүү актылары ушул уставка карама каршы болушу мүмкүн эмес. Жергиликтүү актылардын колдонулуп жаткан мыйзамга же Уставка карама-каршылыктары табылган болсо, мектептин директору толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарууга милдеттүү.

## X. Каржылыктын булактары жана каражаттарды колдонуу тартиби

10.1.Жалпы билим берүү мекемесинин каржылык каражаттарынын негизги булактары болуп:

- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- ишканалар, уюмдар, коомдук фонддор, коомдук бирикмелер,
  юридикалык жактар жана жеке адамдардын бекер берген каражаттары, ыктыярдуу тартуулар, демөөрчүлүк жардам көрсөтүү жана атайын фонддор;
- буюмдарды жана кызматтарды сатуудан, ошондой эле уруксат
  берилген өз алдынча иштин башка түрлөрүнөн алынган киреше;
- окуучуларга кошумча кызматтар үчүн ата-энелерден (аларды
- алмаштырган адамдардан), кабыл алынган кирешелер;
- чет элдик уюмдардан тартылган гранттар;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген
  башка булактар эсептелинет.

10.2. Мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен жалпы билим берүү мекемелерди каржылоо ченемдик каржылоонун механизми боюнча жүзөгө ашырылат.

10.3. Жалпы билим берүү мекемеси өзүндө болгон каржы каражаттарды өз алдынча башкарат. Жалпы билим берүү мекемеси кызматкерлердин эмгек акысын (айлык) бекитип, эмгек акыны төлөөгө багытталган, Каражаттар чегинде, үстөк , кошумча төлөмдөрдүн жана башка өбөлгөлөө мүнөздөгү төлөмдөрдүн түрлөрүн жана өлчөмүн аныктайт.

## *XI.Кызмат адамдардын жоопкерчилиги*

11.1. Кызмат адамдары ушул устав боюнча милдеттери аткарбагандыгынан же тийиштүү түрдө аткарбагандыгынан улам, мекемеге зыян келтирилгенде, уюштуруучулардын жалпы чогулушу ар бир кызмат адамдан зыяндын ордун толтуруу жөнүндө доо кылууга укуктуу.

11.2. Кызмат адамдарды кайра чакыртып алуу учурлары :

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул уставын системалуу түрдө бузуу;
- түздөн-түз кызмат милдеттерин аткарбоо.

## XII. Уставга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби

12.1. Жалпы билим берүү мекеменин Уставына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизүүсү, жана ошондой эле уставдын жаны редакциясын бекитүү Жалпы билим берүү мекеменин уюштуруучусунун чечиминин негизинде ишке ашат. Эгерде ушул

Уставдын бир жобосу жараксыз болуп калса, анда бул калган жоболордун токтошунун себеби болушу мүмкүн эмес. Жараксыз болуп калган жоболор, жаңы чечим менен алмаштырылыш мүмкүн. Укук мамилесинде жол берилгенде, жараксыз деп табылган жобо, башка жобо менен алмаштырылуусу керек.

## *XIII. Жоюу жана кайра уюштуруу*

13.1. Жалпы билим берүү мекемесин жоюу же кайра уюштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш жүзүнө ашырылат:

- Уюштуруучунун чечими менен;
- Соттун чечими менен;

13.2. Жалпы билим берүүчү мекемени жоюу же кайра уюштуруу эреже катары окуу жылы аяктаганда жүргүзүлөт, уюштуруучулар окуучуларды алардын ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу адамдардын) макулдугу боюнча башка билим берүү мекемесине которууга жоопкерчиликти өзүнө алышат.

13.3. Жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоюу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

13.4. Жалпы билим берүүчү мекеменин иштөө процессинде түзүлгөн документтер “Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

Директор: Молдокулова А.К.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

Номерленгени, тигилгени, жана мөөр басылганы

Баардыгы ______ барак

20____ж. "____" ______ өткөрүлдү

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью

на 18 листах

"15" 11 2022 г.

Прошито и пронумеровано на 18 листах

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАЙРА КАТТООДОН

20____ж. "____" ______ ӨТКӨРҮЛДҮ

№ ______ КҮБӨЛҮК

Алгачкы катталган күнү 20____ж. "____" ______

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ ПЕРЕРЕГИСТРАЦИЯ
ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА

"14" 11 2022 г.

СВИДЕТЕЛЬСТВО № РПЮ 0054819

Дата первичной регистрации "____" ______ 20____ г.

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИНИН ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ